Коомдук-саясый газета

# Ош жаңырыгы

№19 (16436) Ишемби, 17-май, 2014-жыл

E-mail: oshjan@mail.ru, факс: 2-49-10

✦ *Салтанат*

## УЛУУ ЖЕҢИШТИН 69 ЖЫЛДЫГЫ БЕЛГИЛЕНДИ

*Улуу Жеңиштин 69 жылдыгы Ошто чоң салтанат менен белгиленди. Майрамдык салтанатка КР Өкмөтүнүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү С.Жээнбеков, КР вице-премьер-министри Э.Сариева, Ош шаарынын мэри А.Кадырбаев, согуштун ардагерлери, ооруктта иштегендер жана коомчулук өкүлдөрү катышышты.*





✦ *Куттуктоо*

## АРДАКТУУ ЭНЕЛЕР!

*Кыргыз Республикасында жыл сайын май айынын үчүнчү жекшембисинде "Энелер күнү" салтанаттуу белгиленет.*

*Эне - ар бирибиз үчүн дүйнөдөгү эң ыйык асылзат. Энелерибиз бизди жарык дүйнөгө алып келип, ак сүтү менен мээримин берип эрезеге жеткиришип, улуттун улуу күчүн өксүтпөй улап келишет.*

*"Эгер, Эне болбосо, акын кайдан төрөлмөк, эл башчысын ким тарбиялап өстүрмөк, аалым менен жоокер кантип төрөлмөк" дегендей, энелер бизге өмүр тартуулайт.*

*Эне- үйдүн куту, эзелтен эле эненин эң асыл мүдөөсү, изги тилеги - өз элине, Мекенине күйгөн азаматты тарбиялоо, үй-бүлөсүнүн, эл-журтунун амандыгы, тынчтыгы.*

*Энелерибиз асыл максаттары менен келечекке үмүт артып, эбегейсиз зор эмгеги менен коомдо татыктуу орунду ээлешет.*

*Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев "2014-жылды- "Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылы" деп жарыялады. Мамлекеттүүлүктү бекемдөө, элдин биримдигин, өлкөдө мыйзамдуулукту жана туруктуулукту камсыз кылуу боюнча койгон милдеттерди аткарууда жана келечек муундарды тарбиялоодо, энелерибиздин кошкон салымдары эбегейсиз зор.*

*Урматтуу энелер, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын жана жеке өзүмдүн атымдан ар бириңиздерге бекем ден-соолук, узун өмүр, көөнөрбөс арулук, түгөнбөс мээрим, үй-бүлөлүк бакты-*

✦ *Долбоор аракетте*

# ФЕРМЕРЛЕРДИН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ КЕҢЕЙДИ

***Өлкөнүн өнүгүүсүндө айылдык аймактар орчундуу орунда турат. Айылдарды өнүктүрүүдө жергиликтүү жамааттык уюмдардын орду чоң. Алар айылдарда кедейчиликти жоюуга багытталган реформалардын чектеринде иш жүргүзүп жатышат. Азыркы күндө ошол жергиликтүү жамааттардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө көп маани берилүүдө.***

Бул боюнча өлкөнүн жер-жерлеринде атайын долбоорлор иштөөдө.Бишкек,Ош шаарларын жана республиканын түштүк аймагындагы Араван, Кара-Суу,Өзгөн жана Ноокат райондорун камтыган бул долбоор талаачылык иш-аракеттерин жандандырууга багытталып жатат. Аты аталып жаткан "Жергиликтүү жамааттардын мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу" долбоору үч тараптуу өнөктөштөрдүн (Германиянын Ганс Борн жетектеген КОЛН,КР Бишкек шаарынын Назар Чокубаев жетектеген СТС жана Ош аймагынын Сапарбек Токтосунов жетектеген СКС коомдук уюму) кызматташтыгынын алкагында ишке ашууда.Бул багытта Ош аймактык Айылдык Кеңеш Берүү коомдук фондунун менеджери Сапарбек Токтосунов ой бөлүштү:



Бул долбоор агрардык аймактын айылдарын өнүктүрүүгө багытталууда. Долбоорду ишке ашыруу боюнча атайын координациялык комитет түзүлүп, инфратүзүмдөрдү ирээтке келтирүү менен демонстрациялык талааларды даярдоо иш-чаралары өнөктөштөр менен талкууланды.Талаачылык ишинде суусуз кыйын, ошондуктан биринчи кезекте ирригациялык абалды жөнгө салуу маанилүү. Айылда жерди иштеткендер, сууну пайдалангандар дыйкан, фермерлер болуп эсептелет.Ошондуктан, дыйкан-фермерлер менен суу пайдалануучулар ассоциациясынын мүчөлөрү долбоордун негизги катышуучулары болушууда. Алар айыл чарбасы, кайра иштетүү, суу пайдалануу, мол түшүм жетиштирүү жаатында тиешелүү тренингдик окуулардан өтүүдө.Долбоор боюнча, сугат каналдарын калыбына келтирүү, демонстрациялык талааларга суу өлчөөчү САНИИРИ, Циполетти жана Томпсон курулмаларын орнотуу каралган. Жер менен киндиктеш жашаган дыйкан,фермерлөр үчүн жер иштетүүдө сугаруунун, суу менен байланыштуу болгон талаш маселелерди жөнгө салуунун мүмкүнчүлүгү түзүлдү. Азыр областтын ар бир районунда экиден демонстрациялык талаалар даярдалып, анда айдалган айыл чарба өсүмдүктөрүнө тыкыр байкоо жүргүзүлүүдө. Максат айыл чарбасында сугаруунун алдыңкы ыкмаларын колдонуудан түшүмдүүлүктү арттырууга жетишүү болуп эсептелет. Долбоордун негизги максаты ата-мекендик өндүрүшчүлөрдү коргоого багытталууда. Долбоор жергиликтүү фермерлердин мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө өбөлгө болууда. Фермерлердин кайра иштетүү жаатында ишкердүүлүктү өнүктүрүүсүнө техникалык жактан шарт түзүүдө.

А. МАТИЕВА.

***Кара-Кулжа районундагы***

✦ *Билим*